# ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ ФУНКЦИЯСЫ

Жаннат КАДЕНОВА*
Нургазы АРАКЕЕВ**

**Аннотация:** Бул макалада элдик педагогиканын жаштарды тарбиялоодогу функциясы көрсөтүлөт. Классик педагогдордун салттуу тарбиялоо тууралуу ойлору камтылат. Азыркы глобалдашуу доорунун улуттук маданияттарга тийгизген терс таасири тууралуу сөз болот.

***Түйүндүү Сөздөр:*** *Ааламдашуу, Элдик Педагогика, Этнопедагогика, Элдик Салттар, Классик Педагогдор*

**The Function of Folk Pedagogy in Youth Education**

**Annotation:** This article discusses the role, function of the folk pedagogy in the education of young people. Included reflections, thoughts of the traditional classical education of teachers. Consider the negative impact of globalization on national cultures.

***Key Words:*** *Globalization, Folk Pedagogy, Ethnical Pedagogy, National Customs, Traditions, Educational Function, Teachers' Classics*

Ар бир эл өзүнүн тарыхын, руханий мурастарын, ырым-жырым, салтын эстен чыгарбай аздектеп, келээр муун тарабынан уланып, өркүндөп кетиши үчүн талбай кам көрмөйүн маданият жаатында башка калктар, мамлекеттер менен тең ата даража күтө албайт. Анткени, «Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт» (Волков Г.Н.). Ошону менен бирдикте муундарды мындай баалуулуктарга ээ кылуунун идеалдары байыркы замандан эле элдин тутумунда туруктуу жашап келген элдик оозеки чыгармаларда көбүрөөк сакталаарын К.Д. Ушинский төмөнкүчө белгилеген:«Ар кандай улут ыр баштап, макал, жомокторунан азыркы роман, драмаларына чейин адам кандай болуш керектиги жөнүндөгү түшүнүктөрүн, ишенимдерин бекемдеп келет. Ошол идеалдуу адамды жан дүйнөсүнө жакын бардык сапаттар менен асылдандырат. Ал аркылуу эл өзүн-өзү аңдоо даражасын, жакшы жана жаман насили тууралуу көз караштарын, абийирин туйгузат. Ал улуттун өнүгүшүн коштоп, пейил мүнөзүнүн калыптанышына таасир этет". Кыргыз педагогикалык маданиятынын тарыхында ошондой мурастардын эң орчундуусу "Манас" эпосу. Адамзаттын руханий-тарыхый мурастарынын ичинде «Манас» эпосунун өзгөчө орду бар. Ал кылымдар бою эл ичинде оозеки айтылып келди. Эпостун ушул күндө сексенден ашык варианты жазылып алынган жана көлөмдүүлүгү боюнча Гиннес рекорддор китебине киргизилген. ЮНЕСКО материалдык эмес мурастар тизмесине каттады. 1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы эл аралык масштабда белгиленди. Мына ушул ооздон оозго оозеки айтылып келген улуу эпос кыргыз элинин кунт коюп уккан баалуу чыгармасы, руханий улуу мурасы гана эмес, жан дүйнөсү, табериги, ишеними да болуп калган. Чокон Валиханов мындан 160 жыл мурда эле бул чыгармада «кыргыз мифтеринин, жомокторунун, уламаларынын бир мезгилге келтирилген, жеке бир адамдын – Манас баатырдын тегерегине топтолгон энциклопедиялык, диндик, медициналык түшүнүгү жана эл аралык мамилелери орун алган» деп айткан [1, 596]. Дал ошол энциклопедиялык маани-мазмундун ичинде анын педагогикалык баа жеткис байлыгы жатат. «Манас» – байыркы күндөн бүгүнкү күнгө чейинки кыргыздардын топтогон таалим-тарбия салттарынын жыйындысы, элдин даанышман педагогикалык окуу китеби.

Эл балдарды «Манас» эпосундагы образдар менен тарбиялап, андагы идеалдуу каармандарды ар бир муунга өрнөк-үлгү катары көрсөткөн. Мекенчилдиктин,

---

* Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл Аралык университети, Ош шаары, Кыргызстан, kadenova_edu.kg@bk.ru
** Изденүүчү, Ош шаары, Кыргызстан.

баатырдыктын, айкөлдүктүн идеалы Манас, акылмандыктын, көсөмдүктүн үлгүсү Бакай, узчулуктун, жарга берилүүнүн өрнөгү Каныкей, сулуулуктун идеалы катары Айчүрөк, достукка бекемдиктин үлгүсү Алмамбет ж.б. каармандар болгон. Алар миңдеген жылдар бою улам кийинки муунга педагогикалык образдар катары айтылып келген. Жаш муундардын инсан катары калыптануусуна Манас баатырдын жүрүш-турушу, иш-аракеттери, душмандар менен күрөшү күчтүү таасир эткен. Кыргыз колу душманга чабуулга киргенде «Манастап» ураан чакырган, ант бергенде Манас баатырдын ысымын аташкан.

Чыңгыз Айтматов: «Манасты» угуп отуруп, анын не бир кооздук-асылдыгына моокуң канып, ошол жазуусу жок, жазуу маданиятынан алыс шарттарда, кыргыз эпосу ушундай таңгаларлык көркөмдүк жарашыкка, сөздү, музыканы, театрды өзүнө бириктирген гармонияга кантип жетти экен деп ойлойсуң. Мына ушул укмуштуудай көркөмдүк гармониянын касиетинен улам эпосто сүрөттөлгөн Кошой, Жолой, Макел дөөлөрдөн тартып, Манас баштаган чоролорго чейин, Бакай карыядан тартып, акылман Каныкейге чейин, Коңурбайдан тартып, Көзкамандарга чейин белгилүү турмуштук шарттарда жашаган тирүү кеипкерлердей көз алдыбыздан тартылып өтөт. Биз ал турмак, кээде бул каармандар эпостук көркөм образдар экенин унутуп коюп, чынында да бир доордо, бир кылымдарда реалдуу жашаган тарыхый адамдардай сезип кетебиз. Көркөм чыгарманын багынтар күчү, өлбөстүк касиети дал ушунда эмеспи», - деп айтат [2, 16]. Жазуучу айткандай, кыргыз атуулдары «Манас» эпосундагы каармандарды адабий кейипкерлер, жомоктук персонаждар катары карабай, тарыхта жашап өткөн жана азыр да араларында кайып болуп кеткен арабактары жашап аткан инсандар катары кабыл алган. Андыктан да алардын тарбиялык, таалим көрсөтүүчү феноменалдык касиети өтө жогору болуп, кыргыз элин тарых бетинен жок болуп кетпей сактап турууда эбегейсиз ролду аткарган.

Эпостогу педагогикалык идеялар муундан муунга оозеки айтылып келип, XIX кылымдын II жарымынан баштап чакан үзүндүлөрү жазылып алынып, эмпирикалык деңгээлде илимий баа берилип (Ч.Валиханов, В.В.Радлов), XX кылымдын 30-жылдарында пайда болуп, калыптана баштаган кыргыз манас таануусу эпостун тексттерин жарыялап, анын негизинде чыгармаларды жарыялап, окуу китептерине ал тууралуу маалыматтарды киргизип, манасчылардын айтуучулук бөтөнчөлүктөрүн изилдеп, негизинен адабият таануу аспектисинен карап жатып да, улуу мурастын тарбиялык өңүтү тууралуу сөз кылган. Бирок «Манас» эпосун изилдөөчүлөр, жайылтуучулар саясый жактан айыпталып, репрессияга кабылган (30-жылдарда К.Таныстанов, 40-50-жылдарда Т.Байжиев, З.Бектенов). 1952-жылдагы «Манас» эпосунун элдүүлүгү тууралуу конференциядан кийин гана эпосту изилдөөгө кеңири мүмкүнчүлүк ачылып, Улуттук илимдер академиясында «Манас» сектору ачылып, манас таануу илими калыптанды (Э.Абдылдаев, А.Акматалиев, К.Асаналиев, М.Борбугулов, А.Жайнакова, Р.З.Кыдырбаева, К.Кырбашев, М.Мамыров, С.Мусаев, Р.Сарыпбеков, О.Сооронов, Ж.Орозобекова ж.б.). Бирок алар түздөн-түз, ыраattуу түрдө эпостогу педагогикалык идеяларды караган жок. Ал эми улуу мурастын таалим-тарбиялык идеялары атайын диссертациялык максатта XX кылымдын 70-жылдарынан баштап изилдөөгө алынып (Т.Ормонов), соңку чейрек кылымда эпостун педагогикасы боюнча окумуштуулардын бир катар изилдөөлөрү жүргүзүлдү (Г.Абдымомунова, А.Алимбеков, С.Байгазиев, Ф.Баитова, Г.Н.Волков, Б.Исаков, С.Иптаров, А.Муратов, ж.б.). Ошол эле кезде көлөмдүү, уникалдуу улуу мурасты педагогикалык өңүттөн изилдөө чети оюлбаган дың бойдон турат, ал кыргыз элинин педагогикалык салттары менен байланышта изилденүүгө толук татыктуу проблема.

Дүйнөлүк педагогиканын тарыхын карап көргөндө улут улуттук белгилерин, эл элдик белгилерин жогото баштаганда, алар ошол өз элине, улутуна сырттан келген терс

таасирлерден арылуу үчүн элдик педагогикасынын салттарын, асылнарктарын каршы койгон. Мисалы, чех педагогу Ян Амос Коменскийчех балдарынын улуттук тамырдан ажырап бара жаткандыгына кейип, өкүнүп улутунун байыркы турмушун, жашоосун, балдарды тарбиялоо маданиятын үйрөнүп, чех тарыхын, географиясын жазып чыгат, картасын кагазга түшүрөт, элдик макал-ылакаптарын жыйнап, «Бабалардын акылмандыгы – урпактардын күзгүсү» деген китеп чыгарат. «Чех тилинин казынасы» деген эмгегинде элдик тилдин баа-баркын жогору коюп, аны балдарга үйрөтүүнүн жол-жоболорун иштеп чыккан. Ал балдарын эмгектенүүгө көнүктүргөн энелердин тарбиясын изилдеп келип, аларды жалпылап «Энелер мектеби» деген түшүнүктү киргизген.

Жан-Жак Руссо «Эмиль, же тарбия жөнүндө»деген романында балдарды жаратылыш аркылуу тарбиялоо – элдик тарбиянын негизи, ошол аркылуу бала руху тазаланат деген идеяны берет.

Иоганн Генрих Песталоции окутуу жана тарбиялоо ишин элдик педагогикадагыдай гумандуу жана демократиялуу кылуу керек деген ойду айткан.

Константин Дмитриевич Ушинский элдик педагогиканын идеялары менен балдарды жаратылышты сүйүүгө үйрөтүү мүмкүнчүлүгүн баса белгилеп, «Эне тили» деген окуу китебинде балдар ырлардын, табышмактардын, макал-ылакаптардын, жаңылмачтардын, жомоктордун жардамы менен дүйнөнү, айлана-чөйрөнү таанып билет деген.

Л.Н.Толстой, В.Г.Белинский, А.И.Герцен, Н.А.Добролюбов, Д.И.Писарев, Н.Г.Чернышевский ж.б. орус агартуучулары, жазуучулары, ойчулдары да адамдын инсан катары жетилишинде элдик тарбия салттарынын ролу чоң экендигин белгилеп, фольклордук чыгармалардын маанисин жогору баалашкан.

В.А.Сухомлинский өзү Украинанын Павлыш орто мектебинин мугалими, директору болуп иштөө менен «Сердце отдаю детям» деген китебинде[3] мугалимдер сабагын жаратылыш койнунда өтүшү керек, ошондо балдардын мекенчилдик сезимдери жогору, ден соолугу чың, эл турмушуна жакын болот дейт. Ушундай эле элдик тарбиянын таасирин Геннадий Никадрович Волков да жогору баалайт.

«Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында»«мекенчил, гуманист атуул-гражданиндин моделин реалдуулукка айландыруучу тарбия ишмердигине мазмундук кор, фундамент, база болуп бере алары»тууралуу белгиленип, «дүйнөнүн өнүккөн алдыңкы өлкөлөрү өз жарандарын эки чоң багытта – дүйнөлүк илим-билимди, маданиятты өздөштүрүүнүн жана улуттук рух дөлөөттөрдүн духунда тарбиялоо философиясына таянары»айтылат да, алар мындай максатта экендиги аныкталат: «Биринчиден....улуттук ыйык идея-дөөлөттөрдүн бири, бул – Ата Мекендин эркиндиги, көз карандысыздыгы идеясы. Кыргызстандыктын ыйык дөөлөтү – Эгемендүү Ата Мекен, Ала-Тоо. Ата журт улуттук идеясынын символу бул – улуу «Манас». Ата журттун азаттыгы, эркиндиги, өз алдынчалыгы, бөлүнбөс бүтүндүгү, бакыбаты үчүн карууну казык, башты токмок кылып кызмат кылуу, кара башты курман чалуу идеясы, каарман күрөш өрнөгү, мекенге карата толуп-ташкан сүйүү сезими «Манаста» берилген. Манас бабабыздын анты:

Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча,
Туулбай туна чөгөйүн,

Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Аткарбасам антымды,
Төшү түктүү жер урсун!
Көкө Теңир өзү урсун!!!

Манас атанын ушул улуу идеясы менен мекенибиздин уул-кыздары Барсбектен тартып Курманжан даткага чейин аба менен дем алгандай дем алып, тарыхта жашап, күрөшүп келишкен. Ата журт менен камыр-жумур болуп жуурулушкан биримдиктен Ала-Тоо атуулу өз өмүрүнүн маңызын көргөн. «Ала-Тоомсуз, мен киммин? - Ата-энесиз жетиммин!» - деген ал. Ата журттун эгемендүүлүгү улуттук идеясы жогоруда айтылгандай, ала-тоолуктун канында, социалдык-маданий генетикасында жашайт. Азыр да элдик менталитеттин тереңинде «жүрөк кагып» турат.

Бүгүнкү «Устаранын мизинде оодарылган заманда» (Арстанбек) Ата журттун эгемендүүлүгүн, көз карандысыз өз алдынчалыгын Манас ата сыяктуу көздүн карегиндей сактоо, бир боор өлкөбүздү өнүктүрүү үчүн тикесинен тик туруп күрөшүү – дал ушул мекенчил менталитет, тагдырды ата журт кызыкчылыгына байлаган патриоттук принцип, эл-журттун боштондугун ыйык санаган улут идеясы бүгүнкү таалим-тарбиянын негизинде жатууга тийиш.

Экинчиден. Таалим-тарбиянын пайдубалында жата турган дагы бир улуу идея-дөөлөт бар. Бул – бүгүнкү күндө актуалдуулугу күчөп турган биримдик, ынтымак философиясы. Өзүнүн тарыхый тагдырында калкыбыз ички бытырандылыктан, бөлүндүлүктөн, өз ара уруу чабыштарынан далай азап чеккен, бүгүн да трайбализм, жер-жерлерге бөлүнүүчүлүк илдетинен жабыр тартып отурат. Бирок ошондой болсо да, «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет», «өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу» («Манас») деген патриоттук даанышмандык кыргыз социумунун ички өзөгүн тепчип өткөн дайымкы улут идеясы болуп келген» [4].

Ушул ой, ушул идея биздин эмгектин башкы лейтмотиви болду жана ал идея бизге багыт берип турат. Мына ушулардын ичинде мекенчилдик, элди, жерди берилип сүйүү идеясы «Манаста» өтө күчтүү берилгендиги, бул улуу мурас турмуштун чыныгы мектеби, балдарды патриоттуулукка тарбиялоонун эч нерсе менен алмаштыргыс каражаты экендиги ар дайым белгиленип келет, аны «элдик педагогиканын казынасы», «улуттун «педагогикалык пансофиясы»,«элдик педагогиканын энциклопедиясы» деп баа беришет. «Манас, Бакай, Кошой, Каныкей – жайынча гана адабий каармандар, образдар эмес,булар бизге таалим катары тартууланган мезгил карытпас, көөнөрбөс моралдык жандуу үлгүлөр, жалпы адамзаттык маанидеги элдин бийик адеп-ахлак нормаларынын эстелик символдору» (С.Байгазиев) [5, 41] деп белгилейт.

Ошентип, элдик тарбиялык салттардын ааламдашуу доорундагы мааниси алардын гумандуулугу, демокартиялуулугу, салттуулугу, элдүүлүгү менен байланышат.

**АДАБИЯТТАР**

[1] Уэлиханов, Ш.Ш. Таңдалмалар. – Алматы, «Жазушы», 1985. – 596 б.

[2] Айтматов, Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу / китепте: Айтматов Ч. Чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы. 8-т. 2-бас. [Текст] / Түз.: А.Акматалиев. – Б.: «Бийиктик», 2009. –9-19-бб.

[3] Сухомлинский, В.А. Сердце отдаю детям [Текст] / В.А.Сухомлинский. – Минск, 1981. – 287 с.

[4] Байгазиев, С. Жээнбеков Б. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы //

Кутбилим, 2010, 20-авг.

[5] Артыкбаев, К. Кыргыз адабияты. 11-класс үчүн окуу китеби: 1-бас [Текст] / К.Артыкбаев, К.Асаналиев, С.Байгазиев ж.б. – Б.: «Педагогика», 2000. –288 б.

[6] Каденова, Ж. Т. Педагогические функции народной традиционной культуры в глобальном мире / Ж. Т. Каденова // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. – 2017. – № 2-5. – С. 26-29. – EDN XVRLXT.

[7] Каденова, Ж. Т. Становления как личности юнца Манаса / Ж. Т. Каденова // Вестник Ошского государственного университета. – 2016. – № 4. – С. 37-43. – EDN XTBXNZ.